***Экспедиция. Жай келип, тоолордо кар эригенде айрым бир адамдардын иштеген ишин таштап, шаар турмушундагы комфортту чанып, тоолорго - бийиктиктерге экспедицияларга баруусуна эмне себеп болот болду экен? Эмне үчүн адамдар тээ качандыр бир кезде өтүп кеткен тарыхка кайрылып, нечен кылым мурда өткөн адамдар пайдаланган буйумдардын калдыктарын таап алса кадим кут тапкандай сүйүнүшөт? Деги экспедицияга чыгуунун негизги максаты эмнеде? Тоо таштарды аралап, андагы таш бетине чийилген эски сүрөттөрдөн издегендери эмне? Экспедицияларга бир гана академиктер, илимдин кудугун казгандар эмес, карапайым адамдар да чыкканына күбө болобуз. Жер арытып, бут кийимдеринин тамандары тешилгиче тоо аралап жүрүп издегендери эмне?***

***Мейли окумуштуулар түшүнүксүз турмуш кубулуштарын чечмелеп, тарыхтын табышмактарын жандыруу үчүн далалат кылышсын дейли, ал эми илимге тиешеси жок адамдар эмне үчүн мынчалык жандарын кыйнап жол азабын тартышат? Күн жылыгандан баштап ондогон адамдар топ-топ болуп алышып, чоң-чоң рюкзактарды жондоруна көтөрүнүп неге тоо кезишет?***

***Жайдын аптабы байыркы Ош шаарын куйкалап турган август айынын ысык күндөрүнүн биринде ушундай бир илимий экспедиция менен мен дагы бийик тоолуу ажайып кыргыз жерин аралап келдим.***

окумуштуулардын ар бир петроглифти талкуулап, китептердеги сүрөттөргө салыштырышып, "бээри мындай, тээринде окшоштугу же айрымасы бар экен" дешип кызуу талкуулашып жатышты. Негизги салыштыргандарын байкасам кадимки Саймалуу Таштагы петроглифтер.

Ушул биз изилдеп жаткан жерден туптуура 50 чакырым алыстыкта, болжол менен биз турган бийиктикте, Фергана тоо кыркаларындагы Көкарт ашуусунда белгилүү Саймалуу Таш галереясы жайгашканы жалпыга маалым эмеспи. Саймалуу Таш петроглифтер галереясын алгач 1902-жылы белгилүү орус топографы Николай Хлудов Көкарт ашуусун картага түшүрүп жүрүп ачкан экен. Таш бетиндеги сүрөттөр туурасында алгач ал Туркестан археология ыш-

Кочкордо деле, мында да 3500 метрден бийиктеги таш беттерине жазышкан байыркылар? Көбүнесе эчки-текелердин сүрөттөрү? Күн түрүндөгү тегерек чиймидер, аңчылыктагы сценалар аркылуу эмне айткылары келген байыркы жердештерибиз? Алар кыргыз болгонбу? - деген сыяктуу суроолорду биринин артынан бирин жаадырып профессордун шайын оодаргыдай эле болдум. Бирок деги чук этип койбойт. Ар бир суроомо токтоо жооп берип, бир таштан экинчи ташка өтүп сүрөттөрдү көчүрүп келатканыбызда жигиттер сааттын эки болуп калганын эске салышып, түштөнүүгө чакырышты.

- Деңиз деңгээлинен 3600 метр бийиктикте түштөнүп атканыбызды сүрөткө тартып койойун, - деди Сүйүнбай Толубаев.- Кана, сүрөткө түшчүдөй болбой эркин олтургула. -

# Түбөлүктүүлү

## Экспедиция. Са

Алгач экспедициянын жетекчиси - Кыргыз улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, И.Арабаев атындагы педагогикалык университеттин ректору, профессор Аблабек Асанканов Бишкектен учуп келери менен экспедиция мүчөлөрүн чогултуп, экспедициянын максатына токтолуп, даярдыктардын жүрүшү менен таанышып, анан жолго чыктык.

Бул илимий экспедициянын уюштуруучулары Кыргыз илимдер академиясынын түштүк бөлүмү, Ош мамлекеттик университети, Ош гуманитардык педагогикалык институту, Бишкектеги И.Арабаев атындагы педагогикалык университети жана Мамлекеттик "Ош-3000" телерадиокомпаниясы. Алгач экспедиция мүчөлөрү Өзгөн районунун Көлдүк айылына машиналар менен келдик да, андан ары атайын жалданган аттарга жүктөрүбүздү артынып, айылдын жогору жагынан кыркалай кеткен тоолорду карай бет алдык.

Экспедиция аттанып аткан учурда кечки саат алтыдан өтүп калган эле. Күүгүм киргичекти жол арбытып алалы деген ойдо аттарды темине ыкчам жүрүш кылдык. Бирок жол өр болгондуктан аттар бышылдап араңдан зорго, тизген мончоктой биринин артынан бири ээрчип чубалжып бараттык. Эмнегедир тез эле каш карайып, күндүн акыркы нурлары белес ашып кетти. Атчандардын алдыңкыларынын сүйлөгөнү арттагыларга угулбайт

ген малчылар да келип, биз менен учурашып кетишти. Биздин "Экспедиция" катары келгенибиз булар үчүн кызыктай эле сезилди болуу керек. Себеби, атам замандан бери мал артынан жүрүп элес алышпаган таштарды, алардын бетиндеги чиймелерди, примитивдүү сүрөттөрдү көргөнү, аларды фото сүрөткө, анан калса телеге да тартабыз дегенибизге негедир түшүнө албагандай түрдө болушту алар. Малчынын чатырынан анча алыс эмес жердеги чоң аска фрагментинен бир кыйла кызыктуудай сүрөттөрдү көрдүк. Бопо акенин кичине баласы өйдөрөөк жайгашкан таш үстүнө олтуруп алып, чо-оң эле байкелердин бир таштагы сүрөткө үңүлүшүп, кызуу "кужулдашып" жатканына таңкалгандай, биз жакты тиктеп таштан ылдый салаңдаган буттарын кыймылдатып мыйыгынан күлүп турду.

- Аке, мен дагы чоңойгондо силердей таш издегич болом,- деди балакай мурдунан чууруп келаткан суусун шор тарта, - Мен мындай көп таштарды билем, дагы та-

кыбоздорунун кружогунда доклад жасап, жергиликтүү гезиттерге макала жазгандан кийин 1903-жылы атайын экспедиция уюштурулган болучу. Кийин 1940-50-жылдар аралыгында орус окумуштуулары Б.М.Зима, А.Н.Бернштам, 1970-80-жылдары Н.Л.Подольский, Ю.Н.Голендухин, Г.А.Помаскина, Я.А.Шерлер бир катар экспедицияларда болушкан. Ошондой эле Саймалуу Таш таш эстеликтеринин уникалдуу тарыхый оорду бар экендигине басым жасалып, А.Н.Бернштам, А.А.Формозов жана Я.А.Шер тарабынан татыктуу баага арзыган эле.

Биз аралап сүрөткө, видеого тартып жүргөн Өзгөн райо-



Ал жайдары, жапжашыл болгон сарымсак та-

төртөөбүз аттарга минип муз шапке кийген бийиктикке карай жөнөп кеттик. Экспедициянын калган мүчөлөрү: ОшМУнун тарых факультетинин окутуучусу Нурабидин Маразыков, ОшМУнун тарых факультетинин студенттери Мыктыбек Кожогелдиев менен Акбар Жусупбеков жана Мамлекеттик "Ош - 3000" телерадиокомпаниясынын операторy Кылыч Улукбековдор Кеңеш Малтаевдин жетекчилиги алдында табылган петроглифтерди классификациялап, ар бирин номурлап, пленкага алууну улантып калышты.

Толубаев Сүйүнбай ОшМУнун тарых факультетинин окутуучусу, Кыргыз илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн сектор башчысы болуп эмгектенип келет. Ушул Суук дөбөдө далай жолу мал айдаганын эскерип, мурда бул таштарга элес албаганын айтып баратты. Ушул жөнөкөй жигиттин тоо арасын койон жатагына

- Ай-и-ий, чынеле өзгөчө экен. Абыке, Сүйүнбай, мында келиңиздер.

Профессор Аблабек Асанканов фотоаппаратынын пленкасын алмаштырып шакылдатып тарта баштады.

-Демек, -деди ал, - Саймалуу Ташта да көл бар бу жердегидей. Анда да көлдүн айланасындагы таштарда сүрөттөр көп. Кызык...- ал ойлуу кийинки таштагы сүрөттү тартууга бастырды. Күн кечтеп баратты. Кайрадан жолго чыгып, жолдошторубуз күткөн "Байчечекей" жайлоосуна жол алдык.

Каш карайып калганда лагерге жеттик. Кечки тамакты жегенден кийин кайрадан жолго чыктык. Караңгыда алгач келген күндөгүдөй аттарыбыз бышкырып коюп, биринин артынан бири куйрук улай бизди алып баратты. Ар ки-

алып төбөдө дапдаана. Мына дагы жылдыз түштү. Нарыдан бир караан көрүндү. Карасам Профессор Асанканов турат асманды тиктеп. Ал да уктабаптыр, эмнегедир. Жигиттердин корулдаган коңуругу теребел тынчтыгын бузуп, түнкү бейкуттукта жашоо уланып жатканынан белги бергенсийт. Дагы жылдыз түштү. Ар бир жылдыздын түшкөнүн көргөндө



# үккө жанашуу

## аймалуу-Таш-2



мибиз өз ичибизден экспедиция учурунда көргөн таштарды, келгенибиздин негизги максатына жеттикпи же жокпу, айтор ушуларды ойлонуп бараттык. 3500 метр бийиктитикте тоо кыры менен кыркалекей түшүп баратып, өзгөчө күн батып баратканда Алатообуздун кооздугуна кумарым канбай бараттым. Өмүрүн Тяньшань менен Гималай тоолоруна арнап, Индияда жашап өткөн орус сүрөтчүсү Николай Константинович Рөрихтин сүрөттөрү эсиме түштү. Анын боекторуна мурда түшүнчү эмесмин. Кантип эле ушундай тоолор болсун деп ойлочумун. Бийик тоонун кырка жону менен ат үстүндө баратып айланага көз

жакшылыкты тилек кылуу керек эмеспи. Улам жылдыз түшкөн сайын "элибизде тынчтык болсо экен, бакубат турмуш орноп, өлкөбүздүн экономикасы көтөрүлүп, жакырчылык сазынан тезирээк чыксак экен" деп жылдыздар тарай баштаганча түнкү тоодо басып жүрдүм.

Эми экспедициядан кайтып келатып да асмандан ылдый кулаган жылдыздар менен кошо тилек тилеп келаттым. Суук дөбө таш галерейсы улам алыстап, жакага жакындай баштады. Байыркы коло доорундагы адамдар бизден акылдуу болсо керек. Таш бетиндеги жазуу эч убакта эскирбесин, миңдеген жылдар бою сакталып калаарын алар билишсе керек. Таш бетинде чегилген петроглифтер аркылуу алар бизге - миңдеген муундарга өздөрүнүн доору, жашоо шарты, ой жүгүртүүсүнөн сабак калтырышыптыр. Тоонун эң бийик жерине чыгып алып сүрөт тартуу менен ошол ба-

малаган. Андай болгондо 5000 жылда 5 эле пайгамбардын өмүрү батып калып атпайбы. Дагы бир кызыктуу нерсе, биздин атактуу жердешибиз, XV кылымдын аягында XVI кылымдын башында жашап өткөн ойчул окумуштуу Сайпидин дамбылда Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулу Нурмухаммед тарабынан жазылып калган "Тарыхтардын жыйнагы" (Маджму атут-таворих) китебинде Касиеттүү Курани Каримдин аяттарын алып жатып Жабраил алейсаламдан Мухаммед (САВ) -"Жашыңыз канчада?-деп сураганда ал: - Бир Нур бар. Мен ошол Нур менен кошо жаралгам. Ал Нур алгач Адам алейсаламга таандык эле. Ушул Нур отуз миң жылда бир келет Жер жүзүнө. Мен ушул Нурдун отуз миң жолу Жер бетине ырыскы төккөнүнө күбө болдум, -дегенинде Мухаммед пайгамбарыбыз: - Ал Нур менин Нурум,- дел жооп берген экен. Андыктан, замандашым, Кудай Таала жаратканда бери бир кыйла эле убакыт өткөнү тууралуу ой ушул бийик тоонун кырын кырдап келатканда эмнегедир мени түйшөлткөнүн баамдадым.

Ушул асман тиреген бийик тоолордун койнунда канчалаган керемет сырлар жатканына биз божомол жооруп баратабыз. Эмнеси болсо да, тоого келип таш бетиндеги сүрөттөрдү көрүү ме-

